«Улуу кыргыз»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Алиев Рамис

Ыйык кудай аалам жерди жараткан
Адамзатты жер бетине тараткан
Алмустактан тукум улап жоголбой,
Кыргыз деген улут жашайт байыртан.

Кыргыз эли көчмөндөрдүн сабында,
Манас руху,даанышмандык канында.
Каада салты сактайт улуу кыргызды,
Өзөгүндө нарк насили барында.

Санжырасы тактап келген тарыхын,
Макал лакап тарбиялайт баарысын.
Оймо,сайма,ташта жазуу мурасын,
Улуу кыргыз улайт көчмөн арышын.

Ала Тоону Ысык Көлдү даңктайлы,
Бабалардын мурас кутун барктайлы
Берекелүү бейиштей жер,мекенди.
Урпактарга таберике сактайлы.